УДК 37.0

Сойсал И.
*Х.Карасаев ат. Ысык-Көл лицейи*

# ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ ТААНЫП-БИЛҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН АКТИВДЕШТИРҮҮНҮН КАРАЖАТЫ КАТАРЫ

Таанып-билүү активдүүлүгүн жана өз алдынчалыкты калыптандыруу окуучулар сабакта активдүү ой жүгүртүү ишмердүүлүгүнө киришип, түрдүү суроого өз алдынча жооп табуу, жыйынтык чыгаруу жана жалпылоо, кыйынчылыктарды жеңип чыгуу зарылчылыгынын алдында турган учурда гана мүмкүн болот.

Иш-аракет жолдорун түзүү окуучу тарабынан аткарылбайт, себеби ал аткара алган операция ишке ашат. Тышынан бул иш-аракеттер угууда, ой жүгүртүүдө, жазып алууда, кайра жаратууда, салыштырууда, системада материалды берүүдө, жалпылоодо, кубулуштун айрым жактарын аныктоодо окшош схема, таблицаларды түзүүдө пайда болот. Бул иш-аракеттер төмөнкүлөрдөн турат:

- окуп үйрөнгөндү кайра түзүү жана жактоо;
- андагы туруктуу байланыштарды бөлүштүрүү;
- алгоритм түзүү;
- окуп үйрөнүлгөндүн мазмунун аң-сезимдүү түрдө өткөрүү;
- аны практикада колдонуу.

Өз алдынча ишмердүүлүктүн элементтери болуп саналган экинчи группанын иш-аракети окутууда өзүнүн ишмердүүлүк процессинде предметти жана иш-аракетти аныктоонун, бул иш-аракеттерди аткаруу жолун аларды ишке ашыруучу конкреттүү шарттар менен дал келтирүүнүн жалпыланган билгичтиктери катары ишке ашат. Мындай иш-аракеттер дайыма окуучулар тарабынан аң-сезимдүү текшерилип турат, себеби аны аткаруунун жолдорун алар толугу менен аңдап билишет.

Иш-аракет окуучуга жеке маанилүү болгон мотивдер менен чакырылат. Бул группанын иш-аракетин аткарууда окуучу пландалган иш-аракет менен пландалган натыйжаны дал келтирет. Иш-аракетке карата күткөн натыйжа башкаруучулук функция аткарат. Реалдуу алынган натыйжа (таанып-билүү иш-аракеттин продукту) жаңы билим, жаңы иш-аракет жолу түрүндө чыгат.

Окуучунун иш-аракети төмөнкүлөрдөн турат:

- жаңы фактыны, кубулушту табуу жана алардын мүнөздөмөсү,
- фактыларды системалоо,
- жакшы белгилүү нерседен башкалар көрө албаганды көрө билүү;
- фактылардын ортосундагы фактыларды орнотуу жана алардын функционалдык мүнөздөмөсү.
- белгилүү фактыларды актуалдаштыруу жана орнотуу, жаңы пайда болгондор менен катар коюу,
- алардын практикалык ишмердүүлүк чөйрөсүнө чыгуу жолдорун табуу;
- өнүгүүнүн, кубулуштун, окуянын закон ченемдүүлүктөрүнүн байланышын табуу, илимий-фактыны издөөнүн жолун аныктоо жана алгачкы жалпылоонун жардамы менен фактыларды салыштыруунун, чогуу жана карама-каршы коюунун негизинде аныктоо;
- жекеден жалпынын пайда болушунун жаңы учурларын аныктоо;
- өзгөрүлгөн жагдайда тапшырманы аткаруу;
- проблеманы калыптоо, жумушчу гипотезаны аныктоо;
- чечимди тандоонун мотиви, анын баасы, чечимди текшерүүнүн жолдорун издөө;
- кубулуштун баалуу маанисин аныктоо ж.б.

П.И. Пидкасистый биринчи группанын иш-аракети окуучуну экинчи группанын иш-аракетин ишке ашыруунун зарыл баскычы жана шарты болуп эсептелерин көрсөтөт. Бардык айырмачылыгына карабастан, бул эки группанын иш-аракеттери биримдик гана структурасын түзөт жана эң жогорку деңгээлдеги окутуу процессин ийгиликтүү уюштурууда бирдей деңгээлде зарыл [1].

Ушундан улам, окуучунун мугалим менен бирге аткарган иш-аракетинин да, өз алдынча ишмердүүлүктүн элементин түзгөн иш-аракетинин да түрдүү мүнөздөгү өз алдынча ишти аткарууда орду бар: репродуктивдүү, реконструктивдүү-вариативдүү, эвристикалык жана

чыгармачыл. Бирок өз алдынчалуулуктун ар бир түрүндө тигил же бул ишмердүүлүктүн элементтери ар түрдүүчө дал келишет жана өз ара аракеттенишет. Эгер репродуктивдүү ишти өз алдынча аткарууда биринчи группанын иш-аракети басымдуулук кылса, эвристикалык өз алдынча ишти аткарууда биринчи планга өз алдынча ишмердүүлүктүн элементтери чыгат.

Өз алдынча ишти аткаруу  индивидуалдуу түрдө гана эмес, группа менен жана фронталдуу уюштуруу жолунун шартында да мүмкүн экенин көрсөткөн авторлордун көз карашын карап чыгуунун натыйжасында, өз алдынча иштөөнүн маңызы эмнеде экендиги жана окуучулардын өз алдынча иштөө менен өз алдынча  таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн ортосунда айырмачылык бар экендиги түшүнүксүз бойдон калат.

Бул көйгөй боюнча адабияттарды анализдөөнүн негизинде азыркы учурда өз алдынча иштөө окуучулардын сабактагы өз алдынча ишмердүүлүгүнүн  өз ара байланышы боюнча үч негизги көз караш бар деп жыйынтык чыгарууга болот:

1.  Өз алдынча иштөө жана өз алдынча ишмердүүлүк түшүнүктөрү окшошот.

2. Окуучулардын өз алдынча ишмердүүлүгү өз алдынча иштөөнүн бир түрү катары каралат.

3. Өз алдынча ишмердүүлүк түшүнүгү өз алдынча иштөө түшүнүгүнө караганда кененирээк түшүнүк катары каралат.

Ошентип, педагогикалык адабияттарда жана практикада өз алдынча иштөө жана өз алдынча ишмердүүлүк түшүнүгү бардык учурда эле айырмаланбайт. Кээде бири-бирине алмаштыра алат. Бул өз алдынча иштөөнүн үч аныктамасында бир учурда, көңүлдүн борборунда уюштуруу аспектти болуп, окуучунун ишмердүүлүк мүнөзү эске алынбаганы, башка учурда, биринчи планга окуучунун таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн мүнөзү чыгып жана уюштуруу аспекти каралбаганы менен түшүндүрүлөт.

Өз алдынча иштөөнү мүнөздөөдөгү ички маанилик жана уюштуруучулук жактарын карама-каршы коюу, бир учурда өз алдынча ишмердүүлүктүн чеги мугалимдин жардамысыз аткарылган иштин чегинде тарыйт, башка учурда, окуу процессинде окуучулардын өз алдынча иштөө чек арасы жоголот жана ал мугалимдин жетекчилиги менен ишке ашкан окуучулардын өз алдынча ишмердүүлүгү менен алмашат.

Өз алдынча иштөөнү аныктоодо өз алдынча ишмердүүлүктүн ички маңыздык жагы менен уюштуруу аспектин өз ара байланышта кароо зарыл .

Биздин көз карашыбызча, окуучунун өз алдынча ишти аткаруудагы ишмердүүлүгүнүн маңызы төмөнкүдө турат: бир учурда сунуш кылынган схеманы колдонбой туруп, таанып-билүүчү тапшырмаларды аткаруусу. Башка учурда, схеманы өзү түзүү зарылчылыгынын алдында турушу, ошондуктан ал анын шартынын, максатынын, милдетинин жана анализинин негизинде белгилүү даражада өз алдынча иш-аракет жолдорунун системасын кайра түзүү жана аны теориялык жана практикалык ишмердүүлүктө ишке ашырууга муктаж. Мындай ишмердүүлүктүн жүрүшүндө ар бир иш-аракет окуучу тарабынан аң сезимдүү текшерилет.

Окуучулардын өз алдынча ишмердүүлүгүндө өз алдынчалуулук жана аткаруучулук, кайра жаратуучулук жана чыгармачыл иш-аракеттери биримдикте ишке ашат, ушундан улам өз алдынча ишмердүүлүктүн төмөнкү дещгээлдери жөнүндө айтууга болот; - репродуктивдүү, реконструктивдүү-вариативдүү, чыгармачыл.

Маңыздык жана уюштуруучулук  аспекттердин өз ара байланышы өз алдынча иштөөнү мугалимдин жардамысыз индивидуалдуу аткарылуучу өз алдынча ишмердүүлүктү уюштуруунун бир формасы катары кароого мүмкүндүк берет. Демек өз алдынча ишмердүүлүк түшүнүгү өз алдынча иштөө түшүнүгүнө караганда кеңири болуп эсептелет. өз алдынча ишмердүүлүк ошондой эле коллективдүү жана фронталдуу иштин жүрүшүндө да орун алат. Бирок бул учурда аны окуучунун өз алдынча иши деп атоого болбойт.

Биринчи планда өз алдынча иштөөнүн уюштуруу аспекти болгон жана анын ички мүнөздөмөсүнөн бөлүнүп каралган мамилени анализдөө, жогоруда көрсөтүлгөн белгилерге ээ болбогон иштер да өз алдынча болорун аныктады.

Ошентип өздөштүрүлгөн билимди бекемдөөгө жана көндүмдөрдү иштеп чыгууга багытталган иштердин мугалимдин жардамысыз  аткарылса да, толук мааниде өз алдынча деп атоого болбойт, себеби алар окуучунун өз алдынча ишмердүүлүгүн уюштурбайт, мындай иштерди машыгуу иштери деп атоо максатка ылайык. Бул атоо бир топ деңгээлде анын маңызын чагылдырат: окуучулар аткаруу жолдору менен тааныш болгон иш-аракетти кайра жаратууда жакшы натыйжаларга жетишүү үчүн көнүгүшөт, машыгышат.

Азыркы жалпы орто билим берүү, жогоруда көрсөтүлгөндөй, окуучулардын өз алдынча

ишмердүүлүк жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнү, окуу процессинде алардын интеллектуалдык жана таанып-билүүчүлүк деңгээлин жогорулатууну талап кылат.

Азыркы адистин баалуу сапаты болуп. өндүрүш ишмердүүлүгүнүн үзгүлтүксүз алмашып туруучу шарттарына көнүү жөндөмдүүлүгү болуп эсептелет. Бул планда алар үчүн чечүүчү мааниге конкреттүү билим жана көндүмдөрдү билүү гана эмес аларды алууга жана керектүү системага калыптандырууга жөндөмдүүлүктөрдүн иштелип чыгышы ээ болот. Тактап айтсак билим алууга жөндөмдүүлүк өз алдынча ишмердүүлүктүн методикасын билүү азыр орто кесиптик окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү үчүн мааниге ээ болуп эсептелет.

Ошентип лицейдин негизги милдети болуп, жалпы билимдерин үзгүлтүксүз байытууга жана дайыма жаңыртууга багытталган окуучулардын өз алдынча активдүү чыгармачыл ишмердүүлүгүнө жөндөмдүүлүгүн өстүрүү болуп саналат. Буга окуу ишмердүүлүгүн эң биринчиден өз алдынча ишмердүүлүктү уюштуруу системасы багынат. Ушундан окуу-тарбия процессине – маалыматтуу окутуудан басымды келечек адистердин кесиптик ишмердүүлүк методдорун илимий жактан билүүсүнө өткөрүүгө коюлган негизги талап келип чыгат. Мындай милдетти чечүүнү өз алдынча ишмердүүлүктүн функционалдуу белгиленишинен издөө керек, бирок ал “өз алдынча ишмердүүлүктү активдештирүү” термини педагогикалык дидактикада жетиштүү изилденбегендиктен татаалдашат.

Эмне үчүн “активдештирүү” деген терминди киргизебиз деген суроо пайда болот. Себеби, активизация дегенибиз дисциплинанын же сабактын тар рамкасындагы эле эмес, жалпы лицейдин окуу-тарбия процессин уюштуруудагы өз алдынча окуу ишинин эффективдүүлүгүн жогорулатуу болуп саналат.

Окуучулардын өз алдынча ишмердүүлүгүн активдештирүү терминин аныктамасын карап көрөбүз (АСД, О+ИА).

Методисттерди жана педагогдорду анкетирлөөнүн негизинде. Педагогикалык адабияттардагы булактар боюнча түзүлгөн ар түрдүү позициядан анын мүмкүн болгон аныктамаларын анализдеп көрөбүз.

Берилген гипотезадан улам, биз изилдөө ишибиздин багытын көрсөткөн аныктамага токтолобуз. Аны процесс катары аныктоо күмөнсүз болуп саналат, себеби, таанып-билүү өз алдынчалыгын өнүктүрүүгө багытталган жана ал аркылуу келечек адистердин кесиптик компетенциясын калыптандырууга багытталган белгилүү иш-аракеттердин системасын өзүнө алат.

Өз алдынчалыкты активдештирүү жеке эле сабак учурундагы окуу-тарбия ишинде эмес, жалпы лицейдеги окуу-тарбия процессинде өз алдынчалыктын эффективдүүлүгүн жогорулатуу болуп саналат.

Биздин көз карашыбызча, төмөнкүдөй аныктама берүү тагыраак деп эсептелет:

Лицейдеги окуучулардын з алдынчалык ишмердүүлүгүн активдештирүү процесси бул белгилүү педагогикалык каражаттар системасынын өз алдынча окуу ишинин компоненттери аркылуу окуучунун таанып-билүүсүнүн өз алдынчалыгына эффективдүү таасир берүүсү, ал өз кезегинде эмгектин рыногунда талап кылынуучу, сабаттуу инсанды калыптандырат. Изилденип жаткан көйгөйгө, лицейдеги өз алдынчалык ишмердүүлүктү активдештирүү көйгөйүнө комплекстүү мамилени берилген технологиялык процессти түзүүчү баштапкы жана жыйынтык позицияны аныктоодон баштайбыз.

Баштапкы позицияларга төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот:

- Субъект жана анын окууга болгон кызыгуусу, мотивациясы, эркинин күчтүүлүгү
- Окуу материалынын мазмуну жана техникалык жабдуулар.
- Окутуунун оптималдуу тандалган принциптеринин жана методдорунун системасы
- Коллективдүү окуу ишмердүүлүгү.
- Контроль.

Дидакттардын илимий булактарнда “өз алдынча окуу иши” түшүнүгү төмөнкү маанилерде түшүндүрүлөт:

1. Окуучу ишти мугалимдин түздөн-түз катышуусуз аткарууга тийиш.
2. Окуучудан өз алдынча ой жүгүртүү операциясы, окуу материалын өз алдынча талдоо талап кылынат.
3. Ишти аткарууда убакытты бөлүштүрүү, мазмун жана аткаруу жолдору эркин тандалат.

Мектепте “өз алдынча иштөө” түшүнүгү көбүнчө биринчи мааниде колдонулат [1].

Түшүнүктүн экинчи маанисин туура деген авторлор окуучулардын өз алдынча ойлонуусун проблеманы чечүүсүн маанилүү деп эсептешет. Өз алдынча иштөө жаңы материалды угууда зарыл

деп эсептелет. Мындай түшүндүрүү айрыкча тарыхты, политологияны. Социологияны жана башка коомдук маанилүү дисциплинаны окутуу методикасына өзгөчө мүнөздүү.

Биринчи түрдүн ишмердүүлүгү мугалимдин жетекчилиги менен өткөрүлөт, ал бекем билимди билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандыруу үчүн зарыл. Өз алдынча ишмердүүлүк деп окуучу ички каалоосу менен аткарып, өздөрү максатын жана каражатын табуучу ишмердүүлүктү эсептөөгө болот [4]. Бул учурда өз алдынча окуу иш биринчи баскычта башкача айтканда, активдештирүү процессин алгачкы баскычында деп эсептейбиз.

Өз алдынча иштөөнүн экинчи баскычы болуп, мугалим сунуш кылган тапшырмадан окуучунун тандоо мүмкүнчүлүгү болгон түзүлүш эсептелет.

Үчүнчү баскычта окуучу иштин максатын өзү аныктап, тапшырманы тандап жана иштин иретин орнотуучу эркин ишмердүүлүктө болушат. (өзүн-өзү көзөмөлдөө принциби).

Өз алдынча ишмердүүлүктү активдештирүүчү педагогикалык технологияларды колдонуунун натыйжасында төмөндөгүдөй жыйынтык позицияларды алууга болот:

- Өз алдынча ишмердүүлүккө ээ болуу көндүмдөрү.
- Өз билимин өнүктүрүү жөндөмдүүлүгү.
- Рефлекстерге жөндөмдүүлүк.
- Профессионалдык ишмердүүлүккө ыңгайлашуу (адаптация) ж.б.

Илимий педагогикалык адабияттарды анализдөө өз алдынча ишмердүүлүктү "уюштуруучу бирдик" катары өзүндө окуу материалындагы тапшырмаларды, педагогикалык жетекчиликти, окуучунун ишмердүүлүгүн алып жүрөрүн аныктоого мүмкүндүк берди. Бул "уюштуруучу бирдик" билим берүү стандарттарынын, окуу пландарынын, программаларынын, расписаниесинин негизинде атайын жабдылган аудиторияларда, дидактикалык материалдардын белгилүү комплексинде ишке ашат.

Өз алдынча ишмердүүлүк окуу процессинин уюштуруучу бирдиги жана окуучунун өзүн-өзү өнүктүрүү ишмердүүлүгүнүн түрү катары каралуусу керек. Ошону менен бирге, билим берүү мекемелериндеги окуу процессинин ажырагыс бөлүгү катары ал белгилүү педагогикалык шарттарда өткөрүлөт жана төмөнкү принциптерге дал келет:

План ченемдүүлүк, проблемалуулук, көрсөтмөлүлүк. Окуучунун өз алдынча иштөө модели менен структуранын дал келиши, ырааттуулук, системалуулук жана көзөмөл.

Белгиленгендей, окуучунун өз алдынча ишмердүүлүгү жекече процесс жана аң сезимдүү активдүүлүктүн шартында анын окууга жана эркинин күчүнө болгон мотивациясынан көрүнөт. Ушундан улам активдүү өз алдынчалуулук процессинде биз анын уюштуруучулук жактарын гана эске албастан, изилденип жаткан көйгөйдүн чечилишинин эффективдүү резерви катары инсандык эмоционалдык-эрктик сапаттарына да таянуубуз зарыл. Ошондуктан, окуучунун өз алдынчалык ишмердүүлүгүн активдештирүү (ОӨИА) процессинде кийинки маанилүү компонентти эмоционалдык-эрктик деп эсептөөгө болот. Ошону менен бирге, ОӨИА көйгөйлөрүн изилдөө окуучунун интеллектуалдык жана таанып-билүүчүк жөндөмдүүлүктөрүн карап чыгуу зарылчылыгына алып келет.

Эмоционалдык-эрктик компонентти изилдөө окуучунун мотевациясы, өз алдынча ишмердүүлүккө кызыгуусу келечектеги кесибинин престиждүүлүгүнө, социалдык жактан талап кылынуучулугуна көз каранды экендигин көрсөттү, ошондуктан аны коомдук-социалдык мамилелердин абалы аркылуу аныктоо керек [2].

Акырында, ар бир окуучу индивидуалдуу, таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрү ар түрдүү, демек таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүшү да ар түрдүү, ар биринин таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүшү анын жөндөмдүүлүк, билим деңгээлине жана мүнөздүү физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө дал келет, ошондуктан интеллектуалдык таанып-билүүчүлүк компоненти рефлекстик абалдын областы аркылуу аныкталат.

Операциялык-технологиялык компонент негизги катары аныкталат, себеби лицейдин түрк тили боюнча талаптарын камсыз кылууну ичине алат.

Ал илимдердин негизиндеги билим, билгичтик, көндүмдөрдүн системасы, ошондой эле окуучулардын баштапкы көндүмдөрдү каражат катары колдонуп, жаңы билимди өз алдынча жана активдүү өздөштүрүүсүн камтыйт. Окуу-тарбия процесси толугу менен билим берүүнүн стандартын камсыздоого багытталган билим берүүнүн мазмунуна таянат. Окутуунун жана тарбия берүүнүн ийгилигин окуучу билим берүүнүн бардык этаптарынын бирдигинен жана өз ара байланышынан көрө алат.

Билим берүүдө бардык деңгээлдеги окуучуларды окутуу методикасын жана тарбиялоону уюштуруудагы ушундай бирдиктүү мамиле гана (лицейдин бүтүрүүчүлөрүнө коюлган заманбап

талаптарды эске алганда) илимий негизди жогорулатууда потенциалдык мүмкүнчүлүктөрдү максималдуу колдонууга, окутуу менен тарбия берүүнүн биримдигин бекемдөөгө шарт түзөт.

Бул милдеттердин чечилишинин ийгилигин окуучулардын таанып-билүү өз алдынчалыгынын калыптанышына көңүл бурууну күчөтүүдөн көрөбүз, ал окутуунун мотивациалык, эмоционалдык жана операциялык жактары менен бирдикти түзүп жатат. Анын өнүгүп-өсүүсү өз алдынча аткарылуучу иштердин татаалдыгынын репродуктивдүүлүктөн изилдөөчүлүккө чейин жогорулашы менен аныкталган өз алдынча ишмердүүлүктү активдештирүү аркылуу ишине ашат. Ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн активдештирүүнүн өнүгүүсү үчүн маанилүү болгон бул процессте окуунун, керектөөнүн, кызыкчылыктардын, умтулуунун жана иш-аракет жөндөмдүүлүктөрүнүн мотивдеринин өз ара байланышы ишке ашат.

Лицейлерде окуучулардын даярдыгынын азыркы шарттары инсандын өнүгүүсүнүн негизи болуп эсептелген акыл, сенсордук-кыймылдаткыч билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн белгилүү тизмесине ээ болуу мүмкүнчүлүгүн берет. Ошону менен бирге өз алдынча ишмердүүлүктү активдештирүү жогорку окуу жайларындагы студенттердин өз алдынча иши үчүн улам татаалданып туруучу окуу тапшырмаларынын дайыма өнүгүп туруусуна шарт түзөт.

Студенттердин өз алдынча ишине уюштуруу практикасына байкоо жүргүзүү бул тапшырмалар көпчүлүк учурда баардыгы үчүн бирдей фрагменталдуу мүнөздү алып жүрөрүн көрсөтөт.

Өз алдынча ишти көп санда окуучунун даярдык дещгээли жана өнүгүүсүн эсепке албай системасыз колдонуу көпчүлүк учурда түшүнбөстүккө жана ушундан улам аны аткаруу процессине кош көңүлдүккө себеп болот.

Ушуга байланыштуу оперативдүү-технологиялык компонентти биз окуучунун өз алдынча ишмердүүлүгүн акырындык менен татаалдануучу методдордун жыйындысынан түздүк. Алар бири-биринен таанып-билүү ишмердүүлүктүн мүнөзү боюнча информациялык репродуктивдүү, айрым-изденүүчүлүк ишмердүүлүктүн мүнөзү боюнча айырмаланышат. Бул методдор мугалимдин сөздүк жана практикалык ишмердүүлүгүнүн негизинде жана окуучунун көрсөтмөлүк каражаттарды кенен колдонуусу  менен ишке ашат. Ошондуктан аларды сөздүк, практикалык, көрсөтмөлүк деп классификацияланууучу билимди берүүнүн булактары менен бирдикте кароо керек. Бул методдордун эки системасын бирин-бири логикалык жактан толуктоочу гана эмес алардын биримдигинде да кароо керек [3].

Окуучулардын өз алдынча ишмердүүлүгү мугалимдин оозеки жана жазуу көрсөтмөлөрүнүн негизинде аткарылат. Ишмердүүлүктүн мазмуну мында бир маанилүү эмес жана түрдүү деңгээлде өтөт:

- информациялык методдун чегинде биз иштин экинчи бөлүмүндө сүрөттөлгөн окуулуктар боюнча жаңы материалды өз алдынча өздөштүрүүнүн практикалык ыкмасын карап чыгабыз;

- репродуктивдүү методду колдонуу керектүү билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуу боюнча көнүгүүлөрдү аткарууга мүмкүнчүлүк берет;

- эвристикалык метод, же айрым изденүүчүлүк метод окуучуларды проблеманы өз алдынча чечүүгө жакындатат, себеби чыгармачыл ишмердүүлүктүн тажрыйбасынын элементтерин өздөштүрүүнү көздөйт;

- проблемалык метод мурда өздөштүрүлгөн материалды өз алдынча анализдөөнүн негизиндеги аткарылуучу иш-аракет жолдорун негиздөөгө мүмкүндүк берет (сабакта интерактивдүү форманы колдонуу);

- изилдөөчүлүк метод айрым кубулуштарды жана фактыларды, үйрөтүлгөн объекттин касиетин жана белгисин, илимий изилдөөнүн методдорун окуу процессинде колдонууну көздөйт, логикалык ой жүгүртүү билгичтигинин өнүгүшүнө жол ачат.

Эреже катары, сабактардын түзүлүшүнө көз карандылыкта окутуунун ар түрдүү методдору колдонулат. Лицейдин окуу процесси дидактикалык тапшырмаларды аткарууга карай бир сабакта анын бир нече варианттарын киргизүүгө мүмкүндүк берет.

Окуу практикасы таланттуу балдарды даярдоодо тыным жана дал келбестик болбошу керектигин көрсөттү (окутуунун үзгүлтүксүз динамикасы). Айрыкча бул кыргыз-түрк лицейлериндеги даярдоого тиешелүү. Мында окутуу методу менен мугалимди корректирлөө ишмердүүлүгүнөн тартып, окутуунун ылайыктуу формасы жана каражаттарына чейин эске алуу маанилүү. Биздин оюбузча, окутуунун активдүү формалары жана методдорунун ичинен эффективдүүсү инновациялык лекциялардын, практикалык сабактардын жыйындысы, маңызы реалдуу жана шарттуу кырдаалдарды көрсөтүү болгон иш оюндары болуп эсептелет.

Биринчиден активдүү окутуунун элементтерин имитациялык сабактарда карап чыгабыз.

Мында проблемалуу лекция угуучулардын чыгармачыл иши болгондо гана, көйгөйлүү жагдайдын пайда болушунда аларды чечүү жана сынчыл талкуулоо болгондо гана активдүү болуп эсептелет. Ошондой эле практикалык жана лабораториялык иштер да, эгер студенттер дайыма мугалим менен өз алдынча алынган жыйынтыктарды макулдашып, анын анализи менен толуктоолорун аткарган шартта активдүү болуп эсептелет [4].

Семинар, топтук консультация бардык студенттерден баяндамачы катары активдүү катышуусу кепилденген учурда активдүү болот. Чыгармачыл иштер, эгер аң сезимдүү жана чыгармачыл аткарылса, жана билимди колдонууда ишенимдүү текшерүү камсыздалса активдүү болот. Окутуу тапшырмаларын, ТСОну колдонуу, маалыматты берүү үзгүлтүксүз, так болгондо, ошондой эле билимди калыптандыруудагы өзүн-өзү текшерүү болгондо лицеисттерди активдүү окутууну камсыз кылат. Олимпиада, илимий конференция теориялык жана практикалык маанилүү милдеттерди чечүүдөгү окуучулардын өз алдынча ишенимдүү көзөмөлүн камсыз кылат.

Лицеисттердин окуу изилдөөчүлүк иши эгерде өз алдынча ишти аткарууда окутуунун, изилдөөнүн, тарбиянын, көзөмөлүн, өзүн-өзү көзөмөлдөөнүн негизги принциптери сакталары кепилденсе, активдүү болот.

Адабияттар

1. Пидкасистый П.И. Самостоятельная деятельность учащихся. Дидактический анализ процесса и структуры воспроизведения и творчества. –М., 1972, 184 с.

2. Шамова Т.И. Активизация учения школьников. –М.: Педагогика, 1982, 208 с.

3. Унт И. Индивидуализация и дифференциация обучения. –М.:  Педагогика, 1990, 192 с.

4. Александрова Т.К. Активизация учебной деятельности учащихся в процессе выполнения межпредметных комплексных заданий Сб. ст. Л.-1981, с. 156